**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨЗГӨЧӨ КЫРДААЛДАР МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЧРЕЗВЫЧАЙНЫХ СИТУАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**Б У Й Р У К**
**П Р И К А З**

2025-ж. “____” _______ №_____ Бишкек ш.

**2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин иш-чаралар планын (2025—2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I этап үчүн) бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2024-жылдын 5-июнунддгы №137 “2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегия жөнүндө” Жарлыгы манен бекитилген 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекетгик стратегиялык иш-чаралар Планын (2025-2027-жылдарынын орто мөөнөттүү мезгилинин I этабына) өз убагында жана сапаттуу аткаруу максатында, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2021-жылдын 15-ноябрындагы № 262 токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлиги жөнүндө Жобосунун 17-пунктунун 21-пунктчасын жетекчиликке алуу менен, **буйрук кылам:**

1. 2025-2030-жылдарга Кыргыз Республикасында коррупцияга каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик стратегияны ишке ашыруу боюнча Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин иш-чаралар планы (2025–2027-жылдардын орто мөөнөттүү мезгилинде I этап үчүн) (мындан ары – иш-чаралар Планы) тиркемеге ылайык бекитилсин.
2. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин (мындан ары – Министрлик) түзүмдүк, аймактык жана ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилери:

– иш-чаралар Планын белгиленген мөөнөттө милдеттүү түрдө аткарууну камсыз кылсын;

– жарым жылдын жыйынтыгы боюнча, отчеттук мезгилдин кийинки айынын 5 (беш) числосунан кечиктирбестен Министрликтин Укуктук камсыздоо жана коррупцияны алдын алуу башкармалыгына иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө маалымат берилсин.

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН

3. Министрликтин Укуктук камсыздоо жана коррупцияны алдын алуу башкармалыгынын башчысы:

– жыл сайын коррупциянын алдын алуу боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органга иш-чаралар планын ишке ашыруунун жүрүшү жөнүндө топтолгон маалыматты берсин;

– ушул буйрук күчүнө кирген күндөн тартып көчүрмөлөрдү маалымат үчүн Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына жана Кыргыз Республикасынын Генералдык прокуратурасына жиберсин.

4. Министрликтин Калк жана массалык маалымат каражаттары менен иштөө башкармалыгынын башчысы бул буйрук катталган күндөн тартыш үч жумушчу күндүн ичинде аны министрликтин расмий сайтына жарыялоону камсыз кылсын.

5. Иш-чаралар планынын сапаттуу жана өз убагында аткарылышы үчүн Министрликтин түзүмдүк, ведомстволук жана аймактык бөлүктөрүнүн жетекчилеринин жеке жоопкерчилиги белгиленсин.

6. Кыргыз Республикасынын Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин 2024-жылдын 14-августундагы № 739 буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

7. Ушул буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө жоопкерчилигин өзүмө калтырам.

8. Буйрук тиешелүү тараптарга жеткирилсин.

**Министр**
**генерал-майор** **Б.Э. Ажикеев**

ДОКУМЕНТ ЭЛЕКТРОНДУК САНАРИП КОЛТАМГАСЫ МЕНЕН БЕКИТИЛГЕН